иштин жалпы натыйжалуулугун да келечекте жогорулатат.

Мындан тышкары, бул система балдарды коргоонун жеке планын жана үй-бүлөнүн жеке иш планын иштеп чыгууда ажырагыс инструментке айланууда. Бул программалар күнүмдүк иштердин көлөмүн бир топ кыскартып, адистердин көңүлүн кыйла маанилүү милдеттерге бурууга мүмкүндүк берет, бул болсо, өз кезегинде, аларга жүктөлгөн жүктү азайтат. Система жана ага тиешелүү маалыматтык программалар социалдык кызматтарды көрсөтүүдө көбүрөөк маалыматтуу жана негиздүү чечимдерди кабыл алууга көмөктөшөт, бул оор турмуштук кырдаалда турган үй-бүлөлөргө жана балдарга көрсөтүлүүчү жардамдын сапатын жакшыртат. Натыйжада, социалдык кызматтардын натыйжалуулугун гана жогорулатпастан, ошондой эле ага муктаж болгондор үчүн коопсуз жана колдоочу чөйрөнү түзүүгө жардам берет.

Талдоолордун жана корутундулардын негизинде социалдык чөйрөдө ТОК кабылган жана социалдык аяр мамилеге муктаж болгон катмарды социалдык жактан коргоодо төмөнкүдөй сунуштар берилет:

1. Ведомстволор аралык кызматташтыкты чыңдоо аркылуу турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды натыйжалуураак аныктоо жана колдоо үчүн мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун ортосундагы координацияны жакшыртуу сунушталат.

2. Кошумча окутуу ресурстары аркылуу үй-бүлө жана балдарды коргоо бөлүмүнүн кызматкерлерин жана башка мекемелердин кызматкерлерине кошумча ресурстар жана тренингдер өткөрүү, ал өз учурунда социалдык кызматкерлер жана башка ведомствонун кызматкерлери функцияларын натыйжалуураак аткара алышат жана үй-бүлөлөрдүн татаал көйгөйлөрүн чече алышат.

3. Мониторинг жана баалоо аркылуу жаңы автоматташтырылган системалардын жана программалардын иштешине мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун так механизмин түзүү сунушталат, бул көйгөйлөрдү өз убагында аныктоого жана зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүүгө мүмкүндүк берет.

Бул чаралар Кыргызстанда санариптештирүүнү андан ары өнүктүрүүгө жана жарандардын, өзгөчө калктын аярлуу катмарынын жашоо сапатын жакшыртууга өбөлгө түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. https://cbd.minjust.gov.kg/230019498/edition/23327/ru
2. Аманалиева М. О. Развитие цифровой экономики в регионах Кыргызстана // Бюллетень науки и практики. 2020. Т. 6. №2. С. 219-225. https://doi.org/10.33619/2414- 2948/51/22
3. https://tunduk.gov.kg/ru/pages/2-informatsionnye-sistemy
4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнундагы№ 391 токтому менен бекитилген Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө ЖОБО.
5. Усубалиева А.А. Совершенствование системы подготовки специалистов социальной сферы// Вестник КНУ№ 2022 №1 (109). С-153

https://www.gov.kg/ru/post/s/oor-turmushtyik-kyirdaalga-kabyilgan-baldardyin-elektronduk-bazasyi-t-z-ld

Рецензент: социология илимдеринин кандидаты, доцент Шайылдаева А.К.

УДК 35.088.6
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-18-22

Базакеева К.Ж.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Базакеева К.Ж.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Bazakeeva K.Zh.
KNU Jusup Balasagyn

ORCID: 0000-0002-3297-5318, SPIN-код: 1100-5318

ЗАМАНБАП ЧАКЫРЫКТАРДЫН ШАРТЫНДА МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЧЫЛАРДЫ ОКУТУУ СИСТЕМАСЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ
СОВЕРШЕНСТВОВАНИЕ СИСТЕМЫ ПОДГОТОВКИ ГОСУДАРСТВЕННЫХ И МУНИЦИПАЛЬНЫХ СЛУЖАЩИХ В УСЛОВИЯХ СОВРЕМЕННЫХ ВЫЗОВОВ
IMPROVING THE TRAINING SYSTEM FOR STATE AND MUNICIPAL EMPLOYEES IN THE CONTEXT OF MODERN CHALLENGES

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуунун учурдагы абалы, көйгөйлөрү жана өркүндөтүү жолдору талданат. Автор заманбап глобалдашуу жана санариптешүү шарттарында мамлекеттик кызматчылардан талап кылынган жаңы компетенциялардын маанисин ачып берет. Изилдөөнүн өзөгүн компетенцияга негизделген окутуу модели, практикалык кейс жана долбоордук усулдарды киргизүү, санариптик билим берүү чөйрөсүн кеңейтүү жана академия менен практика ортосундагы интеграция түзөт. Макалада эл аралык тажрыйбалар салыштырылып, Кыргызстандын шартында колдонуунун илимий-практикалык сунуштары берилет. Жыйынтыгында, мамлекеттик кызматчыларды окутуу системасы улуттук баалуулуктарга, инновацияларга жана жарандарга сапаттуу кызмат көрсөтүү маданиятына негизделиши зарыл экени баса белгиленет.

Аннотация: В статье рассматривается современное состояние системы подготовки и повышения квалификации государственных и муниципальных служащих Кыргызской Республики. Автор анализирует ключевые вызовы, обусловленные процессами глобализации и цифровизации, а также определяет новые компетенции, необходимые государственным служащим. Основное внимание уделено переходу к компетентностной модели обучения, внедрению практико-ориентированных методов (кейс-анализ, проектное обучение), расширению цифровой образовательной среды и укреплению связи между академией и практикой. Представлен анализ международного опыта (Сингапур, Франция, Казахстан) и научно-практические рекомендации для адаптации этих моделей в национальный контекст. В заключение подчеркивается необходимость построения гибкой, инновационной и ценностно-ориентированной системы обучения как ключевого фактора эффективного государственного управления.

Abstract: This article examines the current state of the training and professional development system for public and municipal servants in the Kyrgyz Republic. It highlights the main challenges arising from globalization and digital transformation, emphasizing the need for new competencies among civil servants. The paper focuses on the transition to a competency-based training model, the introduction of practice-oriented methods such as case analysis and project learning, and the expansion of digital education tools. It also stresses the importance of integrating academic research with administrative practice. Drawing on international experience (Singapore, France, Kazakhstan), the author proposes practical recommendations for adapting these approaches to the national context. The study concludes that a dynamic, innovative, and value-based training system is essential for improving the quality and effectiveness of public administration in Kyrgyzstan.

Негизги сөздөр: мамлекеттик кызмат; муницалдык кызмат; окутуу системасы; компетенциялык мамиле; санариптик билим берүү; лидерлик; инноватика.

Ключевые слова: государственная служба; муниципальная служба; система обучения; компетентностный подход; цифровизация; лидерство; инновации.

Keywords: public service; training system; competency-based approach; digital education; leadership; innovation.

Бүгүнкү глобалдашуу жана санариптешүү доорунда мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу системаларынын натыйжалуулугун камсыз кылуунун негизги шарттарынын бири — кызматкерлердин кесиптик билим деңгээлин, башкаруучулук компетенцияларын үзгүлтүксүз өнүктүрүү болуп саналат. Мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө болуп жаткан тез өзгөрүүлөр, жарандардын жогорку талаптары, коомдук көзөмөлдүн күчөшү жана жаңы технологиялардын киргизилиши мамлекеттик кызматчылардан жаңы ыкмаларды, инновациялык ой жүгүртүүнү жана адаптациялоо жөндөмүн талап кылууда.

Бүгүнкү күндө ар бир өлкө үчүн өнүгүүнүн жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн эң жогорку көрсөткүчтөрүнүн бири – улуттук коопсуздуктун, экономиканын, саясаттын, саламаттыкты сактоонун, билим берүүнүн заманбап маселелерин чечүүгө тийиш болгон адам ишмердүүлүгүнүн ар

кандай чөйрөлөрүндө жогорку билимдүү жана компетенттүү адистердин болушу зарыл. Демек, өз кесиби боюнча жалпы жана атайын билимге, көндүмгө гана ээ болбостон, ошондой эле так жана табигый илимдер боюнча өзгөчөлөнгөн жөндөмдүүлүктөргө, сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртүүгө ээ адистерди даярдоо зарылчылыгы барган сайын актуалдуу болуп жатат.[1]

Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу системасы акыркы жылдары реформалоо процессинде, бирок заманбап чакырыктар — экономикалык туруксуздук, глобалдык тенденциялар, климаттык өзгөрүүлөр, санариптик трансформация жана коомдук ишенимди жогорулатуу маселелери — бул системаны дагы да терең жаңылоону жана сапаттык өзгөртүүнү талап кылууда.

Мамлекеттик кызматчылардын кесипкөйлүгүн үзгүлтүксүз жогорулатуу алардын кесиптик билимдерин, көндүмдөрүн жана компетенцияларын жаңылоодо жана өнүктүрүүдө негизги ролду ойнойт. Бул ийгиликтүү мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун ажырагыс элементи. Квалификацияны үзгүлтүксүз жогорулатуу билимдерди жаңыртуу, жаңы технологияларды өздөштүрүү, башкарууну жана электрондук документ жүгүртүүнү санариптештирүү шартында иштөөгө заманбап мамилелерди камсыз кылат.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу азыркы учурда негизинен Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, ошондой эле бир катар ведомстволук окуу борборлору аркылуу жүргүзүлөт.

Акыркы жылдары бир катар оң өзгөрүүлөр байкалууда:

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар үчүн типтүү окуу программалары иштелип чыккан;
- компетенцияга негизделген окутуу моделдери киргизиле баштаган;
- аралыктан окутуу (онлайн-платформалар) кеңири колдонулууда;
- эл аралык кызматташтык (мисалы, Корея, Казакстан, Түркия, Европа Биримдиги өлкөлөрү менен) кеңейүүдө.

Бирок ошол эле учурда бир катар көйгөйлөр да сакталууда:

- окутуу мазмунунун практика менен байланышсыздыгы;
- аймактык деңгээлде ресурстардын жана окутуучулук потенциалдын жетишсиздиги;
- окутуунун натыйжалуулугун баалоо системасынын алсыздыгы;
- кызматкерлердин жеке мотивациясынын төмөндүгү.

Мамлекеттик кызматчыларды даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасы мамлекеттик башкарууну өркүндөтүү жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында иштелип чыккан. Бул максатка квалификациясы тиешелүү мамлекеттик кызмат орундарынын талаптарына жооп берген мамлекеттик кызматчыларды кесиптик жактан үзгүлтүксүз жогорулатуу жолу менен жана практикалык муктаждыктардан бир аз алдыда даярдоо аркылуу гана жетишүүгө болот.[2]

Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу чөйрөсүндөгү чакырыктар кызматкерлерди даярдоонун жаңы форматтарын талап кылат. Алардын негизгилери төмөнкүлөр:

Санариптик трансформация. Санариптик өкмөт, электрондук кызмат көрсөтүү жана маалыматтык системалар менен иштөө жөндөмү ар бир кызматчы үчүн базалык көндүмгө айланышы зарыл.

Кризистик кырдаалдарга ыкчам реакция берүү. Табигый кырсыктар, эпидемиялар, миграциялык агымдар сыяктуу факторлор мамлекеттик аппараттан жогорку мобилдүүлүктү жана координацияны талап кылат.

Жарандардын ишенимин арттыруу жана этикалык башкаруу. Коомдук пикирди эске алуу, ачык-айкындыкты камсыз кылуу, коррупцияга каршы маданият – окутуунун негизги багыттарынын бири болушу керек.

Эл аралык интеграция жана тилдик компетенциялар. Эл аралык долбоорлорго катышуу үчүн англис тили, эл аралык укук жана дипломатиялык маданият боюнча билим талап кылынат.

Лидерлик жана өзгөрүүлөрдү башкаруу. Ар бир жетекчи деңгээлинде “өзгөрүүнүн лидери” болууга багытталган окутуу зарыл.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн төмөнкү стратегиялык багыттар өзгөчө маанилүү:

Компетенцияга негизделген окутуу моделине өтүү. Окутуунун мазмуну кызматчылардын реалдуу иш милдеттерине шайкеш келиши керек. Компетенциялык модель лидерлик, санариптик сабаттуулук, аналитикалык ой жүгүртүү жана этикалык баалуулуктарды өзүнө камтуусу зарыл.

Практикалык кейс жана долбоордук окутуу ыкмалары. Салттуу лекциялык форматты интерактивдүү усулдар (кейс-талдоо, симуляция, ролдук оюндар, долбоордук топтор) менен айкалыштыруу кызматкерлердин активдүүлүгүн арттырат.

Санариптик билим берүү чөйрөсүн кеңейтүү. Электрондук платформаларды өнүктүрүү, аралыктан окутуунун модулдарын киргизүү жана мамлекеттик кызматчылар үчүн онлайн курстарды (MOOC) түзүү — аймактык теңсиздикти азайтат.

Илим менен практиканын интеграциясы. Мамлекеттик органдар жана илим изилдөө институттары, борборлорунун ортосунда туруктуу изилдөө-окутуу платформасын түзүү зарыл. Ар бир изилдөө жыйынтыгы окутуунун мазмунуна киргизилип турушу керек.

Мотивация жана карьералык стимул. Окутууга катышкан кызматкерлер үчүн кесиптик өсүү, кызматтык жогорулоо, сертификаттарды таануу сыяктуу стимул механизмдери киргизилиши зарыл.

Билим берүүдө интеграцияланган мамиленин орду жана ролу ар бир адамдын жана бүтүндөй коомдун жашоосундагы эң маанилүү ролдордун бирин ойнойт. Бул жигердүү, максаттуу, көз карандысыз инсанды жаратуу куралы когнитивдик ишмердүүлүктөргө умтулуу. Бул процесстен адамдын жашоосу кандай болору, кайсы жолду тандаары, эмне кылаары көз каранды. Кыскасы, окуу процесси кандайдыр бир деңгээлде келечекти аныктайт. Чыныгы билимдүү, квалификациялуу, компетенттүү адам гана, эбегейсиз көп күч-аракет жумшап, жаңы билимдерди өздөштүрүп, системалаштыра алат, ошондой эле өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүн жана көндүмдөрүн өз жашоосунда колдоно алат.[]

Көп өлкөлөрдө мамлекеттик кызматкерлерди окутуу системасы үзгүлтүксүз билим берүү принцибине негизделет.

Эл аралык тажрыйба жекелештирилген окутуу программаларын ишке ашыруу, билимдердин жетишсиздигин аныктоо үчүн компетенттүүлүктүн улуттук моделдерин түзүү, универсалдуу билим берүү стандарттарын (мисалы, MPA) колдонуу, ошондой эле үзгүлтүксүз модулдук окутуу системаларын өнүктүрүү жана бул процесске университеттерди жана квалификацияны жогорулатуу борборлорун тартуу аркылуу мамлекеттик кызматчыларды даярдоону өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт.

Башка өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, мамлекеттик кызматчыларды эффективдүү даярдоо процесстин милдеттүү жана үзгүлтүксүз мүнөзүнөн жана анын карьералык өсүү менен түздөн-түз байланышынан көз каранды. Мисалы: Сингапурда мамлекеттик кызмат Академиясы ар бир жетекчини “өзгөрүү менеджери” катары даярдайт. Францияда (ENA) окутуу теория менен практиканы айкалыштырып, мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча долбоорлорду камтыйт. Казакстандагы Президенттик мамлекеттик башкаруу академиясы аралыктан окутуу, эл аралык программалар жана иш берүүчүлөр менен байланыш системасын күчөткөн.

Кесиптик компетенцияларды салыштырууда башка өлкөлөрдүн мамлекеттик кызматчылары үчүн структуралык жактан алганда, алар дээрлик окшош алардын курамы, башкаруу ишинин өзгөчөлүктөрүнө жараша өзгөрө турган моделдер экенин көрсөтүп турат.[4] Кыргызстан да ушул үлгүлөрдү эске алуу менен улуттук контекстке ылайыкташкан окутуу моделин иштеп чыгууга тийиш.

Илимий-практикалык сунуштар.

1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуунун укуктук базасын жаңылоо (мыйзамдарды, жоболорду, типтүү стандарттарды).
2. Регионалдык билим берүү борборлорун түзүү жана алардын потенциалын жогорулатуу.
3. Окутуунун сапатын баалоо жана мониторинг жүргүзүү системасын киргизүү.
4. Илимий-прикладдык изилдөөлөрдү окутуу процесси менен айкалыштыруу.
5. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын базасында «Окутуу – Изилдөө – Инновация» үчтүгүн түзүү.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу жана персоналдын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн заманбап кадрдык процесстерди жана саясатты түзүү жана ишке ашыруу, ошондой эле кадрларды даярдоону, квалификациясын, тандоону жана жайгаштырууну жакшыртуу зарыл. Заман талабына жооп берген жана жарандардын, мамлекеттин жана бүтүндөй коомдун кызыкчылыктарын эске алган жемиштүү кадрдык технологияларды колдонуу маанилүү. [5]

Заманбап чакырыктар шартында мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу системасы коомдун жана мамлекеттин өнүгүүсүнүн негизги факторлорунун бири болуп саналат. Мамлекеттик кызмат — бул жөн гана башкаруу эмес, бул жарандарга сапаттуу кызмат көрсөтүү

маданияты. Ошондуктан окутуу системасы динамикалуу, инклюзивдүү, инновациялык жана улуттук баалуулуктарга негизделген болушу зарыл.

Мындай системаны куруу менен гана Кыргызстан мамлекеттик башкаруунун сапатын жогорулатып, глобалдык өзгөрүүлөрдүн шартында туруктуу өнүгүүгө жетише алат.

Колдонулган адабияттар

1. Бабаев Д.Б., Мендигалиева Г.Х. Санариптештирүү шартында кесипке багытталган окутуу/Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2025,№2, 40-44-б.

2. Корабейников И.Н., Илларионова Л.В. Совершенствование региональной системы подготовки и повышения квалификации кадров для государственной гражданской службы (на примере Оренбургской области), Евразийский международный научно-аналитический журнал «Проблемы современной экономики», № 3 (47), 2013

3. Адылбек кызы Г., Жуматаева А.С., Абдурашид кызы М. Окуу предметтеринин интеграциясы заманбап дуйнөдө педагогикалык көрүнүш катары // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы,2024, №3,83-89 б.

4. Кувиков ф.в. Кадровый потенциал государственного управления и проблемы его совершенствования // Вестник Алтайской академии экономики и права. 2024. № 2-2. С. 214-217;

5. Пестерева Н.М., Цветлюк Л.С., Надеина О.С. Формирование профессиональных компетенций государственных служащих: монография / Н.М. Пестерева, Л.С. Цветлюк, О.С. Надеина - М.: Изд-во Московского гуманитарного университета, 2014. С. 41-47.

Рецензент: ю.и.к., доцент Алымкулова С.А.

УДК 004:(61: 378)=811.512.154
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-22-26

Деркембаева А.К.
Эл аралык Жогорку Медициналык Мектеби
Деркембаева А.К.
Международная Высшая Школа Медицины
Derkembaeva A.K.
International Higher School of Medicine

МЕДИЦИНАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ САНАРИПТЕШТИРҮҮ: МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ЖАНА ЧАКЫРЫКТАРЫ
ЦИФРОВИЗАЦИЯ МЕДИЦИНСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ НА КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ: ВОЗМОЖНОСТИ И ВЫЗОВЫ
DIGITALIZATION OF MEDICAL EDUCATION IN THE KYRGYZ LANGUAGE: OPPORTUNITIES AND CHALLENGES

Кыскача мүнөздөмө: Кыргыз тилинде медициналык билим берүүнү санариптештирүү заманбап билим берүү системасында илимий-методологиялык жана практикалык жактан өзгөчө мааниге ээ. Санариптик технологияларды медициналык билим берүү процессине интеграциялоо окутуунун сапатын жогорулатууга, билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүгө жана келечектеги медициналык адистердин кесиптик компетенцияларын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Электрондук окуу платформалары, санариптик окуу материалдары, мультимедиалык ресурстар жана симуляциялык технологиялар студенттердин клиникалык ой жүгүртүүсүн жана практикалык көндүмдөрүн калыптандырууда маанилүү роль ойнойт. Ошол эле учурда медициналык билим берүүнү кыргыз тилинде санариптештирүү бир катар системалуу көйгөйлөр жана чакырыктар менен коштолот. Алардын катарына кыргызча медициналык терминологиянын жетишсиздиги, мамлекеттик тилде сапаттуу санариптик окуу-методикалык ресурстардын аздыгы жана техникалык инфраструктуранын региондор боюнча теңсиз өнүгүшү кирет. Макалада медициналык билим берүүнү кыргыз тилинде санариптештирүүнүн негизги мүмкүнчүлүктөрү жана чакырыктары комплекстүү талдоого алынып, аларды чечүүгө багытталган илимий негизделген сунуштар берилет.

Аннотация: Цифровизация медицинского образования на кыргызском языке имеет особое научно-методологическое и практическое значение в современной системе образования. Интеграция